КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

15-февраля 2024-ж № 3/6 Первомайское айылы

## “Ак-Ниет” муниципалдык ишканасынын катуу турмуш-тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу жана ичүүчү суу менен камсыз кылуу үчүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жетекчиликке алып, “Ак-Ниет” муниципалдык ишканасынын директору Ж.Мусаевдин маалыматын угуп жана талкуулап айылдык кеңештин XXVIII чакырылышы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Первомайский айыл аймагындагы “Ак-Ниет” муниципалдык ишканасы тарабынан катуу турмуш-тиричилик таштандыларын чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифи 2023-жылдан тартып, Первомайский айыл аймагынын ар бир чарбасынан айына 135 (жүз отуз беш) сом өлчөмүндө, анын ичинде жергиликтүү калк – 100сом бир үй чарбага, жергиликтүү бюджеттен – 35сом бир үй чарбага субсидия катары бекитилсин.

2. Ичүүчү суу менен камсыз кылуу үчүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери:
- Первомайское айылы боюнча ар бир туруктуу жашоочуга 40 сомдон бекитилсин,
- Национальный жана Панфилов айылдары боюнча бир үч-чарбага 150 сомдон бекитилсин.

3. Первомайский айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Т.Кутманалиева, бул токтомду мамлекеттик тилде Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинен катоодон өткөзсүн.

4. Первомайский айыл өкмөтүнүн башчысы Э.О. Сартпаев:
- жогорудагы бекитилген субсидияны ай сайын жергиликтүү бюджеттен “Ак-Ниет” муниципалдык ишканага которсун.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Первомайский айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **З.М.Кочкорова**